УДК 371 (37.01)

***Жороева А.М.,***
*Ош областтык билим берүү институтунун каана башчысы*

# БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО ЖАНА КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕЛГЕН ОКУТУУ (*КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ ПРЕДМЕТТЕРИНИН МИСАЛЫНДА*)

***Жороева А.М.,***
*Ошский областной образовательный институт*

# ТРАНСФОРМАЦИЯ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ И КОМПЕТЕНТНОСТНОЕ ОБУЧЕНИЕ (*НА ПРИМЕРЕ ПРЕДМЕТОВ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ*)

***Joroeva A.M.,***
*Osh Regional Institute of Education*

# EDUCATIONAL SYSTEM TRANSFORMATION AND COMPETENCY-BASED TEACHING (*ON THE EXAMPLE OF THE KYRGYZ LANGUAGE AND LITERATURE*)

**Аннотация:** Макалада Кыргызстандын билим берүү системасында 12 жылдык мектептик билим берүүнү киргизүүнүн I этабынын жыйынтыгы менен кийинки этаптарын масштабдуу трансформациялоонун маселелери каралат. Автор реформанын алкагындагы алгачкы жыйынтыктарды, жетишкендиктер менен көйгөйлөрдү кыргыз тили жана адабияты предметтерин компетенттүүлүккө негизделген окутуунун контекстинде талдайт. Макалада бүтүрүүчүлөрдүн Жалпы республикалык тестирлөөдөгү ийгиликтерин камсыз кылуу жана күнүмдүк турмуштагы практикалык сабаттуулугун, сынчыл ой жүгүртүүсүн арттыруу үчүн негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн мааниси КРдеги билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын жана кыргыз тили жана адабиятынын предметтик стандарттарынын (2025) негизинде тереңдетилип берилди. Ошондой эле трансформациянын талаптарына ылайык мугалимди жана окуучуну компетенттүүлүк негизде баалоонун конкреттүү критерийлери сунушталат. Бул багытта Ош билим берүү институтунда алгылыктуу иштер жүрүп жатат.
***Түйүндүү сөздөр****: 12 жылдык билим берүү, билим берүү тутумун трансформациялоо, компетенттүүлүккө негизделген окутуу, кыргыз тили жана адабияты, ЖРТга даярдоо, практикалык сабаттуулук, негизги компетенттүүлүктөр, предметтик компетенттүүлүктөр, критериалдык баалоо.*
**Аннотация:** В данной статье рассматриваются результаты первого этапа внедрения 12-летней системы школьного образования в Кыргызской Республике, а также актуальные направления дальнейшей трансформации национальной системы образования. Проанализированы первые итоги реализации реформы, ее основные достижения, существующие проблемы и перспективы развития в условиях компетентностного подхода к обучению кыргызскому языку и литературе. На основе Государственного образовательного стандарта общего школьного образования Кыргызской Республики и предметных стандартов по кыргызскому языку и литературе (2025 г.) раскрывается значение формирования ключевых и предметных компетенций как основы повышения качества образования, успешной подготовки выпускников к Общереспубликанскому тестированию (ОРТ) и развития их функциональной грамотности. Особое внимание уделяется вопросам совершенствования системы критериального оценивания учебных достижений учащихся и профессиональной деятельности педагогов в соответствии с современными требованиями образовательной политики. Представлены практические подходы к организации компетентностного обучения, реализуемые в образовательных организациях, а также положительный опыт Ошского института образования по научно-методическому сопровождению реформы. Сделан вывод о необходимости дальнейшего совершенствования содержания образования, методов обучения и системы оценивания для успешной реализации 12-летнего школьного образования.
***Ключевые слова:*** *12-летнее образование, трансформация системы образования, компетентностное обучение, кыргызский язык и литература, подготовка к ОРТ, функциональная грамотность, ключевые компетенции, предметные компетенции, критериальное оценивание.*
**Abstract:** This article examines the outcomes of the first stage of implementing 12-year school education in Kyrgyzstan, alongside the pressing issues surrounding the large-scale transformation of the educational system in its subsequent phases. The author analyzes the initial results, key achievements, and challenges of the ongoing reform within the specific context of competency-based instruction in the Kyrgyz language and literature. Drawing upon the State Educational Standard for General School Education of the Kyrgyz Republic and the updated Subject Standards for the Kyrgyz Language and Literature (2025), the study substantiates the critical importance of core and subject-specific competencies in ensuring students' success in the National Scholarship Test (NST/ORT) and enhancing their practical, functional literacy in daily life. Furthermore, in alignment with the demands of modern educational transformation, the paper proposes distinct, well-defined criteria for the competency-based assessment of both teachers and students. The Osh Institute of Education is actively engaged in productive work in this direction
***Keywords:*** *12-year education, educational system transformation, competency-based teaching, Kyrgyz language and literature, NST preparation, practical literacy, core competencies, subject-specific competencies, criteria-based assessment.*

*Киришүү.* Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы өзүнүн өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый жана стратегиялык баскычына кадам таштады. Өлкөдө *12 жылдык жалпы орто билим берүү моделин* киргизүүнүн биринчи этабы ийгиликтүү жыйынтыкталып, анын

алкагында улуттук билим берүү тутумун масштабдуу трансформациялоо боюнча ишенимдүү кадамдар жасалды [1].

Бул реформанын башкы максаты — окуучуларга эрежелерди, даяр аныктамаларды жана грамматикалык материалдарды механикалык түрдө жаттатуудан баш тартып, алардын маалыматты туура тандай жана талдай билүүсүн, алган теориялык билимдерин күтүлбөгөн турмуштук кырдаалдарда натыйжалуу колдоно алган компетенттүү инсан катары калыптануусун камсыз кылуу. Бул контекстте мамлекеттик тилдин пикир алышуу жана коомдук байланыш каражаты катары кызматын камсыз кылган *кыргыз тили жана адабияты* предметтерин компетенттүүлүккө негиздеп окутуу өзгөчө мааниге ээ.

Эне тили — инсандын ой жүгүртүүсүн, интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана башка илимдерди өздөштүрүүсүн камсыз кылган фундаменталдык каражат. Ошондуктан бул багыттагы алгачкы жетишкендиктерди жана көйгөйлөрдү илимий-методикалык өңүттөн, нормативдик документтердин негизинде талдоо бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат.

*1. 12 жылдык билим берүү модели.* 12 жылдык мектептик билим берүү моделине өтүү кыргыз тили жана адабияты мугалимдеринин алдына жаңы стратегиялык милдеттерди коюуда. Окуучулардын практикалык (функционалдык) сабаттуулугун жогорулатуу, окуу материалдарын турмушта колдонуу аркылуу компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу маселеси узак убакыт бою методикалык адабияттардын алкагында гана каралып, практикалык окутуу процессинде жетиштүү деңгээлде ишке ашпай келгендиги белгилүү [6].

Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын [2] жана кыргыз тили менен адабияты боюнча жаңы предметтик стандарттардын (2025-ж.) [3] талаптарына ылайык, тил сабактарында грамматикалык, фонетикалык материалдарды, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди өздөштүрүү өз алдынча максат болуп саналбайт. Алар байланыштуу кепти өнүктүрүү жана кеп маданиятын калыптандыруу менен тыгыз айкалышта окутулууга тийиш.

Ушул максатта жаңы усулдук системада эки концентрден турган окутуу технологиясы сунушталган.

*а) 7–9-класстарда — «Тилден кепке» концентри.* Бул этапта окуучулар тилдин структуралык бирдиктерин (фонетика, лексика, морфология жана синтаксис) өздөштүрүү менен катар, алардын кептеги кызматын жана стилдик өзгөчөлүктөрүн практикалык тапшырмалар аркылуу үйрөнүшөт. Алынган грамматикалык билимди дароо практикада колдонуп, өз алдынча байланыштуу текст түзүүгө багыт алышат.

*б) 10–12-класстарда — «Кептен тилге» концентри.* Жогорку класстарда окуу процесси даяр тексттерди талдоодон башталат. Андан соң окуучулар ошол текстти түзүүдө колдонулган тилдик каражаттарды, грамматикалык мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана алардын коммуникативдик кызматын талдоо аркылуу тилдик билимдерди терең өздөштүрүшөт. Башкача айтканда, бул этапта окуучулар кептен тилге карай иликтөө жүргүзүү аркылуу тилдин ички мыйзам ченемдүүлүктөрүн аңдап-билишет.

*II. Мамлекеттик жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланышы.* Билим берүү тутумун трансформациялоонун өзөгү — бул мамлекеттик стандартта аныкталган негизги компетенттүүлүк менен кыргыз тили жана адабияты предметинин предметтик компетенттүүлүгүнүн сабактын ар бир этабында өз ара жуурулушуусу болуп саналат [2, 3].

Төмөндөгү таблицада бул компетенттүүлүктөрдүн мамлекеттик стандарттагы так аталыштары жана алардын өз ара байланыштарынын илимий-практикалык ишке ашуу ыкмасы көрсөтүлгөн:

| № | Негизги компетенттүүлүктөр | Кыргыз тилинин предметтик компетенттүүлүктөрү | Сабакта ишке ашуу механизми |
|---|---|---|---|

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | НК1. Таанып-билүүчүлүк-ишмердүүлүк компетенттүүлүгү:<br>✓ Сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүү,<br>✓ функционалдык сабаттуулук,<br>✓ экологиялык сабаттуулук | П1. Тилдик компетенттүүлүк: Тилдин фонетикалык, лексико-грамматикалык системасы жана орфографиялык, пунктуациялык ченемдери боюнча илимий билимдерди өздөштүрүү жана аларды колдонуу. | Окуучу сунушталган текстти жөн гана окубастан андагы фактыларды сын көз караш менен талдайт, тилдик бирдиктердин маанисин функционалдык сабаттуулуктун алкагында чечмелеп, өз алдынча корутунду чыгарат. |
| 2. | НК2. Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк:<br>✓ Кызматташтык,<br>✓ карым-катнаш, кеп түрдүүлүгүн кабыл алуу | П2. Кептик компетенттүүлүк: Кептик ишмердүүлүктүн төрт түрүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) ар кандай коомдук жана турмуштук кырдаалдарда натыйжалуу пайдалануу. | Сабакта диалогдук чөйрө түзүлөт. Окуучулар топтордо кызматташып, ар кандай кептик кырдаалдарда (талкуу, презентация) өз ойлорун адабий тилдин ченемдеринде, маданияттуу жана аргументтүү жеткире алышат. |
| 3. | Маалыматтык-санариптик компетенттүүлүк:<br>✓ Санариптик сабаттуулук,<br>✓ Маалыматтык сабаттуулук | Жогорудагы предметтик компетенттүүлүктөрдүн бардык курамдык бөлүктөрү менен комплекстүү түрдө интеграцияланат. | Окуучу медиа-мейкиндиктен же санариптик булактардан кыргыз тилиндеги маалыматтарды өз алдынча издейт, иретке келтирет. Бул көндүм ЖРТнын "Окуу жана түшүнүү" бөлүмүндөгү аналитикалык тапшырмаларды аткарууда базалык негиз болуп берет. |
| 4. | Эмоционалдык-инсандык компетенттүүлүк:<br>✓ Өзүн-өзү таануу жана баалоо;<br>✓ Өзүн-өзү уюштуруу жана жөнгө салуу;<br>✓ Ден соолук маданияты<br>✓ Эмоционалдык туруктуулук жана интеллект | П3. Этномаданий компетенттүүлүк: Эне тилинин улуттук маданиятты, баалуулуктарды алып жүрүүчү курал экенин аңдоо, көркөм адабий чыгармалардын эстетикалык маңызын кабыл алуу. | Классикалык чыгармалардагы каармандардын психологиясын, ички толкундануулары талдоо аркылуу окуучунун эмоционалдык интеллекти өсөт. Улуттук баалуулуктарды аңдоо аркылуу анын инсандык сапаттары калыптанат. |

*III. Жалпы республикалык тестирлөө (ЖРТ) жана текст менен иштөө.* ЖРТнын түзүмү жылдан-жылга өзгөрүп, анда грамматикалык эрежелерди, суроо-жоопторду түз сураган репродуктивдүү тапшырмалар дээрлик калбай калды [4]. Тестти тапшыруудагы негизги максат — окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн, өзгөчө "Окуу жана түшүнүү" көндүмүн текшерүү. Бул бөлүм окуучудан текстти механикалык түрдө окуп чыгууну эмес, андагы маалыматтарды анализдөөнү, логикалык байланыштарды табууну, автордун тексттин артына жашырган көмүскө оюн ачууну талап кылат. 12 жылдык окутуунун трансформациялык маңызы дал ушул текст менен аналитикалык иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган. Мисалы: Мурда "Сынган кылыч" романын окутканда "Абдырахман аптапбашы ким болгон?", "Роман качан жазылган?" деген репродуктивдүү суроолор берилсе, бүгүн компетенттүүлүккө негизделген сабакта суроо мындай коюлат: "Абдырахмандын Кокон ордосундагы таасир этүүчү кадамдары менен анын трагедиялуу сонунун ортосунда кандай логикалык байланыш бар? Автор тексттеги кайсы деталдар аркылуу ордодогу бийлик кризисин көрсөткөн? Тексттен далилдерди (цитаталарды) келтиргиле". Бул ыкма окуучуну ойлонтот, ЖРТда кездешүүчү татаал аналогияларды жана текстти талдоо тапшырмаларын ийгиликтүү аткарууга өбөлгө түзөт.

*IV. Инсандын күнүмдүк турмуштагы функционалдык сабаттуулугу.* Мектепти аяктаган ар бир бүтүрүүчү — коомдун толук кандуу мүчөсү. Анын сабаттуулугу күнүмдүк турмуштагы документтер менен иштөөдө жана социалдык байланышта түз көрүнөт. Бүтүрүүчү расмий иш кагаздарын (арыз, түшүнүк кат, мүнөздөмө, расмий билдирүү, резюме, келишимдерди) эч кандай катасыз, стилдик нормаларды сактоо менен жаза билиши шарт. Бул — социалдык-коммуникативдик негизги компетенттүүлүктүн натыйжасы. Тил сабагы теориялык ашыкча жүктөмдөрдөн (мисалы, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн схемасын сызуу сыяктуу кургак көнүгүүлөрдөн) арылып, турмуштук зарылчылыктарга багытталышы керек. Мисалы: Сабакта

мугалим окуучуларга даяр эреже өтпөстөн, төмөнкүдөй кейс ыкмасын сунуштайт: "Сиз ЖОЖго тапшыруу үчүн ректордун атына гранттык орун бөлүү тууралуу өтүнүч арыз жазышыңыз керек. Арыздын түзүмүн сактап, өзүңүздүн социалдык абалыңызды жана жетишкендиктериңизди негиздеп, аргументтүү арыздын долбоорун түзүңүз". Мындай тапшырма окуучунун тилдик, кептик жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгүн бир убакта өнүктүрөт.

*V. Трансформация шартында баалоо тутумун жаңылоо.* 12 жылдык мектеп моделинин алкагында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн баалоо системасын түп-тамырынан бери өзгөртүү — эң курч маселе. Салттуу түрдө колдонулуп келген, окуучунун катасын гана санап, ага "жазалоочу" мүнөздө баа койгон ("3" же "4") системадан баш тартып, критериалдык баалоо тутумуна өтүү зарыл. Ушул максатта төмөнкүдөй компетенттүүлүккө негизделген конкреттүү баалоо критерийлерин мектеп практикасына киргизүү сунушталат:

*1. Окуучуларды баалоонун компетенттүүлүк критерийлери:*

1.1. Функционалдык сабаттуулук критерийи: Эрежелерди механикалык түрдө кайталап берүү эмес, теориялык билимди практикада (иш кагаздарын катасыз толтурууда, дилбаян жана эссе жазууда, өз алдынча долбоорлорду коргоодо) туура колдоно билүүсү.

1.2. Текстти анализдөө жана логикалык ой жүгүртүү критерийи (ЖРТга даярдык): Тексттин стилин (көркөм, расмий, публицистикалык), андагы ачык жана жашыруун маанини туура таба билүүсү, ар башка маалыматтарды салыштыруу жана алардын негизинде аргументтүү корутунду чыгаруу жөндөмдүүлүгү.

1.3. Карым-катнаштагы кеп маданияты критерийи: Өзүнүн жеке көз карашын эл алдында оозеки жана жазуу жүзүндө логикалык ырааттуулукта, адабий тилдин ченемдерин сактоо менен курч, так жана маданияттуу жеткире алуу деңгээли.

*2. Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоонун компетенттүүлүк критерийлери:*

2.1. Усулдук трансформация критерийи: Сабакты салттуу түрдө эмес, интерактивдүү, окуучуга багытталган заманбап технологиялар аркылуу негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу түрдө пландаштыруу жана өткөрүү чеберчилиги.

2.2. ЖРТга жана практикага багыттоо критерийи: Тилдик жана адабий материалдарды ЖРТнын тесттик тапшырмаларына (аналогиялар, сүйлөмдү толуктоо, текстти түшүнүү) жана күнүмдүк турмуштагы иш кагаздарына интеграциялап, өздүк натыйжалуу усулдук колдонмолорду, дидактикалык материалдарды түзө билүүсү.

2.3. Критериалдык баалоону колдонуу билүүсү: Окуучуга субьективдүү баа койбостон, анын ар бир тилдик көндүмүн (угуу, окуу, жазуу, сүйлөө) атайын иштелип чыккан дескрипторлордун (баалоо баракчаларынын) негизинде ачык-айкын, адилеттүү баалай алуусу.

*VI. Ош билим берүү институтунун (ОшБИ) ролу жана илимий-методикалык колдоосу.* Бул трансформациялык процесстерди мектеп практикасына ийгиликтүү киргизүүдө жана мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууда Ош билим берүү институту (ОшБИ) сыяктуу квалификацияны жогорулатуу борборлорунун ролу өзгөчө мааниге ээ [5]. Практика көрсөткөндөй, мугалимдердин көпчүлүгү жаңы мамлекеттик жана предметтик стандарттардын мазмунун кабыл алганына карабастан, аларды сабакта натыйжалуу ишке ашыруунун усулдук инструменттерине жана практикалык тажрыйбасына жетиштүү деңгээлде ээ эмес.

Ушул максатта Ош билим берүү институтунда төмөнкү багыттар боюнча системалуу иштер жүргүзүлүүдө:

1. Мугалимдерди компетенттүүлүккө негизделген окутуунун, критериалдык баалоонун жана дескрипторлорду түзүүнүн усулдары менен камсыздоо максатында практикалык семинарлар жана тренингдер өткөрүлүүдө. Бул иштер республиканын башка квалификацияны жогорулатуу институттары менен кызматташтыкта уюштурулуп келет.

2. Жалпы республикалык тестирлөөнүн (ЖРТ) «Окуу жана түшүнүү» бөлүмүнө окуучуларды сапаттуу даярдоо үчүн кыргыз тили курстарында текст менен иштөөнүн инновациялык технологиялары жайылтылууда. Өзгөчө Блум таксономиясынын негизинде суроолорду түзүү, текстти талдоо, аргументтөө жана функционалдык сабаттуулукту өнүктүрүүгө багытталган тапшырмалар колдонулууда.

3. Компетенттүүлүккө багытталган алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды жайылтуу максатында чыгармачыл мугалимдердин автордук сабактарынын пландары, усулдук колдонмолору жана окуу материалдары даярдалып, басылып чыгарылууда. Ошондой эле аларды санариптик

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

платформалар аркылуу аймактардагы мектептерге жеткирүү иштери жүргүзүлүүдө. Курстардын жүрүшүндө «Мыкты мастер-класс» жана «Мыкты сабактын фрагменти» сынактары уюштурулуп, жеңүүчүлөрдүн иш-тажрыйбалары жалпы коомчулукка, анын ичинде ЭлТР телеканалы аркылуу жайылтылып келет.

*Корутунду.* Жыйынтыктап айтканда, 12 жылдык билим берүү системасын киргизүүнүн алкагындагы масштабдуу трансформация өлкөнүн келечектеги адамдык капиталын өнүктүрүүгө багытталган стратегиялык реформа болуп саналат. Алгачкы жыйынтыктар көрсөткөндөй, кыргыз тили жана адабияты предметтерин окутууда салттуу билим берүү моделинен компетенттүүлүккө негизделген окутууга өтүү мамлекеттик жана предметтик стандарттардын талаптарына толук жооп берет.

Мугалимдердин жана окуучулардын жетишкендиктерин компетенттүүлүккө негизделген критерийлер аркылуу баалоо, ошондой эле «Тилден – кепке» жана «Кептен – тилге» концентрдик технологияларын колдонуу окуучулардын функционалдык сабаттуулугун өнүктүрүүгө жана ЖРТдагы жетишкендиктеринин сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Эң негизгиси, бул реформа өз оюн мамлекеттик тилде эркин, так, жүйөлүү жана сабаттуу билдире алган, алган билимин турмуштук кырдаалдарда натыйжалуу колдоно билген, функционалдык жактан сабаттуу жана атаандаштыкка жөндөмдүү заманбап кыргыз жаранын калыптандырууга кызмат кылат.

***Адабияттар:***

1. Кыргыз Республикасында 12 жылдык мектептик билим берүүнү киргизүүнүн I этабындагы трансформациялоонун жыйынтыктары. – Бишкек, видеоролик, Агартуу министрлиги. – 2026
2. Кыргыз Республикасында мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. – Бишкек, 2022-жыл. – 80 б.
3. Кыргыз тили жана адабиятын окутуунун предметтик стандарттары. – Бишкек, 2025-жыл. – 4-5 б.
4. Ибраева А. А. Жалпы республикалык тестирлөө (ЖРТ) жана мектептеги кыргыз тилин окутуунун өзгөчөлүктөрү / А. А. Ибраева // Мугалим илимий-методикалык журналы. – 2024, №2. – 85-91 бб.
5. Осмонкулов Т. С. Мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн арттыруу маселелери / Т. С. Осмонкулов. – Ош, 2023. – 162 б.
6. Муратов С. Мектеп реформасы жана эне тили предметинин мазмунун жаңылоо/ С. Муратов. – Бишкек, 2023. – 190 б.